*Садыкова Н.Т.*

# ТЕСКЕЙ АЛА-ТООНУН ЧЫГЫШ ТАРАБЫНДАГЫ БИЙИК ТОО АЛКАГЫНДАГЫ ОРТО БИЙИК ЧӨПТҮҮ СУБАЛЬПЫ ШАЛБААЛАРЫНЫН АНТРОПОГЕНДИК ДИНАМИКАСЫ

*Садыкова Н.Т.*

# АНТРОПОГЕННАЯ ДИНАМИКА СРЕДНЕТРАВНЫХ СУБАЛЬПИЙСКИХ ЛУГОВ В ВЫСОКОГОРНЫХ ЗОНАХ ВОСТОЧНОЙ ЧАСТИ ТЕСКЕЙ АЛА-ТОО

*N.T. Sadykova*

# ANTHROPOGENIC DYNAMICS OF AVERAGE HERBAL SUB ALPINE MEADOWS IN MOUNTAINOUS AREAS OF THE EASTERN PART OF TESKEY ALA-TOO

*УДК 581.9(575.2)*

*Макалада Тескей Ала-Тоонун чыгыш бөлүгүндөгү субальпы шалбааларында жүргүзүлгөн мониторингдин жыйынтыктары келтирилип жана алардын антропогендик динамикасы көрсөтүлдү.*

***Негизги сөздөр:*** *субальпийская луга, антропогенная динамика, высокогорная зона, растительности.*

*В статье приведены результаты мониторинга субальпийских среднетравных лугов в восточной части Тескей Ала-Тоо, дана предварительная оценка антропогенной динамики растительных сообществ.*

***Ключевые слова:*** *субальпы шалбаалары, антропогендик динамика, бийик тоо алкагы, өсүмдүктөр.*

*The paper presents the results of the monitoring of average herbal subalpine meadows in the eastern part Teskey Ala-Too, preliminary assessment of anthropogenic dynamics of plant communities.*

***Keywords****: sub alpine meadows, anthropogenic dynamics, alpine zone, vegetation.*

Изилденип жаткан аймактагы бийик тоо алкагындагы субальпы шалбааларынын азыркы мезгилдеги абалына жана антропогендик динамикасына баа берүү максатында талаа шартында 2014-жылы мониторинг жүргүзүлдү. Фитоценоздордун антропогендик динамикасын изилдөө боюнча көптөгөн окмуштуулар ар-тараптуу илимий изилдөө иштерин жүргүзүп келишкен [1;2;3;5]. Жогорудагы окумуштуулардын илимий тажрыйбасын пайдалануу менен аталган аймактагы субальпы шалбааларынын азыркы мезгилдеги абалына баа берүү иштери жүргүзүлдү.

1-аянт Каракол эс алуу базасынан жогору сол тарапта, жантайыңкылыгы $10^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2680 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 100%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөр көп түрдүү. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда орто бийиктиктеги субальпы шалбааларынын абалы абдан жакшы. Мындагы өсүмдүктөрдүн бардыгы вегетациялык циклдарын толугу менен өтүүдө.

2-аянт Каракол эс алуу базасынан жогору сол тарапта, жантайыңкылыгы $20^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2700 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 95%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөр көп түрдүү. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда орто бийиктиктеги субальпы шалбааларынындагы өсүмдүктөрдүн абалы абдан жакшы, малга жайыт катары таптакыр пайдаланылбаган. Мындагы өсүмдүктөрдүн бардыгы вегетациялык циклдарын толугу менен өтүүдө.

3-аянт Каракол эс алуу базасынан жогору сол тарапта, жантайыңкылыгы $20^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2730 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 90%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөр көп түрдүү. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда орто бийиктиктеги субальпы шалбааларынын абалы абдан жакшы, малга жайыт катары таптакыр пайдаланылбаган. Мындагы өсүмдүктөрдөн балдыгы вегетациялык циклдарын толугу менен өтүүдө. Өткөн жылдагы чөп өсүмдүктөрүнүн калдыктары толугу менен чириндиге айланган.

4-аянт Каракол эс алуу базасынан жогору сол тарапта, жантайыңкылыгы $30^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2800 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 100%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөр көп түрдүү. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда орто бийиктиктеги субальпы шалбааларынын абалы абдан жакшы, малга жайыт катары таптакыр пайдаланылбаган. Мындагы өсүмдүктөрдүн бардыгы вегетациялык циклдарын толугу менен өтүүдө.

5-аянт Каракол эс алуу базасынан жогору сол тарапта, жантайыңкылыгы $35^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2780 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 100%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөр көп түрдүү. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда орто бийиктиктеги субальпы шалбааларынын абалы абдан жакшы, малга жайыт катары таптакыр пайдаланылбаган. Мындагы өсүмдүктөрдүн бардыгы вегетациялык циклдарын толугу менен өтүүдө.

6-аянт Жергез дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы $20^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2430 м бийиктикте орун

алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 80%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү аз. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда орто бийиктиктеги субальпы шалбааларынын абалы абдан начар, ири мүйүздүү мал чар-жайыт жайылгандыктан өсүмдүктөр өтө жапыз (5-10 см) жана алардын түрдүк курамы жарды.

7-аянт Жергез дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы $15^0$ келген тоонун түндүк-бтыш капталында деңиз деңгээлинен 2520 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 80%. Дүйүм чөптүү-кылканактуу субальпы шалбааларынын абалы абдан начар, ири мүйүздүү мал чар-жайыт жайылгандыктан өсүмдүктөр өтө жапыз жана алардын түрдүк курамы жарды.

8-аянт Жергез дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы $15^0$ келген тоонун түндүк капталында деңиз деңгээлинен 2620 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 80%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү өтө аз. Субальп шалаабасы орун алган бул аянтта дагы мал чар-жайыт жайылгандыктан дигрессия процесси өтө тездик менен жүрүүдө. Мал жебей турган катуу өзөктүү сайрам тикени кеңири тарала баштаган.

9-аянт Жергез дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы $20^0$ келген тоонун түндүк-чыгыш капталында деңиз деңгээлинен 2650 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 80%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү өтө аз. Субальпы шалбааларынын бул аянтында дагы дигрессия процесси кеңири орун алган. Мында кадимки прунела (Prunella vulgaris) кеңири тарала баштаган.

10-аянт Жергез дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы $12^0$ келген тоонун түндүк-түндүк чыгыш капталында деңиз деңгээлинен 2480 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 65%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү өтө аз. Субальп шалаабасынын бул аянтында төшөлгөн сабактуу кымыздык кеңири таралууда. Окумуштуулардын пикири боюнча төшөлгөн сабактуу кымыздык жайыт дигрессиясияснын акыркы баскычтарында кеңири таралууга ээ болот.

11-аянт Арашан дарыясынын оң алабында, жантайыңкылыгы $10^0$ келген тоонун түндүк-түндүк батыш капталында деңиз деңгээлинен 2600 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 95%. Кылканактуу-кайрылган түктүү тогуз төбөлдүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү аз. Субальп шалаабасы көп сандагы ири мүйүздүү мал жана кой өстүрүүдө жайкы жайыт катары чар-жайыт пайдаланылууда. Ушуга байланыштуу чөп өсүмдүктөрүнүн түрдүк курамы азаюда. Тоюттук сапаты баалуу альпы жылганы, альпы түлкү куйругу өтө аз санда кездешет. Тоюттук сапаты орточо келген кайрылган түктүү тогуз төбөл салыштырмалуу көбүрөөк кездешүүдө.

12-аянт Арашан дарыясынын оң алабында, жантайыңкылыгы $12^0$ келген тоонун түндүк-батыш капталында деңиз деңгээлинен 2620 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 95%. Кылканактуу-кайрылган түктүү тогуз төбөлдүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү аз. Субальп шалаабасынын бул аянты дагы жайкы жайыт катары чар-жайыт пайдаланылууда. Ошондуктан орто бийик чөптүү субальпы шалбаасы ээлеген аянттагы өсүмдүктөрдүн бардыгы вегетациялык фазасын толук өтпөйт, аларга вегетациялык жол менен гана көбөйүү мүнөздүү. Өсүмдүктөрдүн өнүгүү закон ченемдүүлүгүнө ылайык жашоо циклын толугу менен аз сандагы түрлөр гана: таракчалуу эуфразия (Euphrasia pectinata), сойломо уй беде (Trifolium repens), кайрылган түктүү тогуз төбөл (Alchimilla retropilosa), сакалчалуу көк базин (Gentian barbata), кадимки серастиум (Cerastium cerastoides) өтүшөт.

13-аянт Арашан дарыясынын оң алабында, жантайыңкылыгы $10^0$ келген тоонун батыш капталында деңиз деңгээлинен 2610 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 85%. Кылканактуу-кайрылган түктүү тогуз төбөлдүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү аз. Изилдөө иштери жүргүзүлүп жаткан учурда (август айынын орточо мезгили) өсүмдүктөрдү мал тегиз оттоп кеткен.

14-аянт Арашан дарыясынын оң алабында, жантайыңкылыгы $25^0$ келген тоонун түштүк капталында деңиз деңгээлинен 2580 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 65%. Кылканактуу-дүйүм чөптүү субальпы талаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү аз (табл. 1). Субальп талаасы дагы жайкы жайыт катары чар-жайыт пайдаланылууда. Бийик тоо алкагындагы субальпы талаасындагы үстөмдүк кылуучу түрлөргө бетеге (Festuca sulcata) менен сантолин жалбырактуу шыбак (Artemisia santolinifolia) кирет.

15-аянт Арашан дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы 10° келген тоонун түндүк-батыш капталында деңиз деңгээлинен 2670 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 95%. Дүйүм чөптүү-кайрылган түктүү тогуз төбөлдүү субальпы шалбаасы өсүмдүктөрдүн түрлөрүнө жарды. Субальп шалаабасынын бул аянты дагы жайкы жайыт катары чар-жайыт пайдаланылууда.

16-аянт Арашан дарыясынын сол алабында, жантайыңкылыгы $10^{\circ}$ келген тоонун чыгыш капталында деңиз деңгээлинен 2724 м бийиктикте орун алган. Өсүмдүктөр менен топурак кыртышынын капталуусу 90%. Кылканактуу-кайрылган түктүү тогуз төбөлдүү субальпы шалбаасында өсүмдүктөрдүн түрлөрү аз. Субальп шалаабасынын бул аянты дагы жайкы жайыт катары чар-жайыт пайдаланылууда. Мында үстөмдүк кылуучу кайрылган

түктүү тогуз төбөл көбүкчөлүү шүүдүрүм илдетине чалдыккан.

Тескей Ала-Тоонунун чыгыш бөлүгүндөгү бийик тоо алкагындагы субальпы шалбаасындагы өсүмдүктүктөрдүн антропогендик динамикасына баа берүүдө төмөндөгүдөй жыйынтыкка келдик:

1. Каракол дарыясынын алабындагы субальпы шалбааларындагы өсүмдүктөрдүн көп түрдүүлүгүн алардын абалынын абдан жакшы экендигин белгилөөгө болот. Өсүмдүктөрдүн толук вегетациялык мөөнөтүн өтүшү, топурак кыртышын каптоосу, изилдөө иштерин жүргүзүү мезгилиндеги фенологиялык фазасын өтүшү, жашоо абалынын мыйзам ченемдүү көрүнүштө болушу фитоценоздун абалынын “мыкты” деп баалоого негиз берет.

2. Жергез дарыясынын алабындагы субальпы шалбаааларында чаржайыт пайдалануунун натыйжасында фитоценоздун түрдүк курамы кескин өзгөрүүгө дуушар болууда. Мында аз-сандагы гана жайыт катары пайдаланууда туруктуу өсүмдүктөр сакталып калган. Бул өсүмдүктөрдүн түрдүк курамы өтө жакырданып кеткен. Азыркы күндө кадимки прунелла жана сайрам тикени кеңири таралууда.

3. Ак-Суу дарыясынын сол куймасы болгон Арашан дарыясынын алабындагы субальпы шалбааларынын өсүмдүктөрүнүн абалы Жергез дарыясынын алабындагы субальпы шалбааларына салыштырмалуу орто. Бирок бул тараптагы субальпы шалбаалары дагы майда жана ири мүйүздүү малдарга жайыт катары пайдалануунун натыйжасында өсүмүктөрдүн курамынын Каракол дарыясынын алабындагы субальпы шалбааларына салыштырмалуу алда канча жардылыгы менен айырмаланат.

4. Жергез жана Арашан дарыяларынын алабындагы субальпы шалбааларына малдын чектелүү санын жаюу зарылчылыгын жергиликтүү жайыт комитеттеринен талап кылуу учурдун талабы.

**Адабияттар:**


1. Востокова Е.А., Гунин П.Д. и др. Методология оценки состояния и картографировния экосистем в экстремальных условиях. – Пущино. 1993. –203с.
2. Соболев Л .Н. Очерк растительности Иссык-Кульской котловины. Фрунзе, 1972. 107 с.
3. Швергунова Л.В., Горянинова И.Н., Микляева И.М. и др. Луга Нечерноземья. – М., МГУ, 1984. - 159с.
4. Шамбетов С.Ш., Р.А.Айдарова, Убукеева А.У. Русско-киргизский словарь ботанических терминов и названий. Фрунзе, 1975.
5. Шарашова В.С. Устойчивость пастбищных экосистем. М., 1989.- 240 с.


**Рецензент: к.геогр.н. Кендирбаева А.**